***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-март*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

***Баткен-2021***

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2021-жылдын январь-март айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 19 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2021-жылдын 14-апрели.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

***М А З М У Н У***


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………..*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор…………………………………………………………..*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор…………………………………………………………….*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 8 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор…………….……………………..………………...*** | ***12*** |
| | Финансы……………………………………………………………… | 12 |
| ***V*** | ***Социалдык сектор………………………………………………………...*** | ***13*** |
| | Турак жай курулушу………………………………………………... | 13 |
| | Демографиялык жагдай……………………………………………. | 13 |
| | Калктын оорулары........................................................................... | 14 |
| | Укук бузуулар..................................................................................... | 14 |
| | ***Тиркеме…………………………………………………………………*** | ***16*** |

## *ОБЛУСТУН 2021- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-МАРТ АЙЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2021-жылдын январь-март айында 841807,8 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 104,9 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2021-жылдын январь-февраль айларында 1972,8 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 100,4 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 610608,7 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 3,1 эсеге өскөн.

2021-жылдын январь-март айында турак жай курулушунда жалпы аянты 12679,0 чарчы метр болгон 115 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-март айынын денгээлине салыштырмалуу 127,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 252675,3 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 325,3 миң тонна жүк ташылып, 2020-жылдын январь-март айына салыштырмалуу 100,4 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 60722,0 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 103,7 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2021-жылдын январь-март айында 3764995,8 миң сомду түзүп, 2020-жылдын январь-март айынын денгээлинен 1,3 пайызга өскөн.

2021-жылдын январь-март айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 3153290,6 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2020-жылдын январь-март айынын деңгээлинен 5,1 пайызга төмөндөгөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-март айында 611705,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,5 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-март айын өткөн жылдын январь-март айына салыштырганда 108,8 пайызды, ал эми ушул жылдын март айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 103,3 пайызды түздү.

Облус боюнча 2020-жылдын январь-февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 12992,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,1 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2021-жылдын январь-март айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, гонорея, котур, бруцеллез, өткүр респиративдүү ооруларынын, кургак учук, вирустуу гепатит, жаныбарлардын тиштеп алуусунун, эхинококкоз, инфекциялык ВИЧ оорууларынын төмөндөшү, ал эми педикулез, аскаридоз, ичегинин өткүр инфекциясынын өсүшү менен мүнөздөлдү.

Калктын негизги социалдык-демографиялык топторунун жашоо минимуму 2021-жылдын I кварталында облустун бардык калкы үчүн 5588,49 сомду түздү, ал эми эмгекке жөндөмдүү курактагы калк үчүн 6189,18 сомду, пенсия курагындагы калк үчүн 4909,67 сомду, балдарга 4853,24 сомду түздү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2021 ж. январь-март айында | 2021ж март айы 2020ж март айына карата пайыз менен | 2021-жылдын январь-март айы 2020-жылдын январь-март айына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 841807,8 | 101,8 | 104,9 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 1972,8 | 100,2 | 100,4 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 610608,7 | 3,7эсе | 3,1 эсе |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 12679,0 | 131,1 | 127,9 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 325,3 | 100,4 | 100,4 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 60722,0 | 3,2эсе | 103,7 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 3764995,8 | 105,9 | 101,3 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 3153290,6 | 105,7 | 94,9 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 611705,2 | 107,0 | 105,5 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 12992,1 [1)] | 103,5[2)] | 104,1[3)] |
| Минималдуу керектөө бюджети (орточо эсеп менен калктын киши башына) сом менен, 2020-жылдын I кварталы | 5588,49 | - | 110,9 |

***[1)] 2021ж. январь-февраль***
***[2)] 2021ж. февраль***
***[3)] 2021ж. январь-февраль***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

Баткен облусунда ээлик кылуучу субъектилердин саны 2021-жылдын 1-апрелине карата 77531 бирдикти түздү, анын ичинен 6,1 пайызы юридикалык жактар, 41,2 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 52,5 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызы филиалдар жана өкүлчүлүктөр.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| ***Баткен областы*** | ***77531*** | ***100*** | ***4691*** | ***100*** |
| Баткен району | 11122 | 14,3 | 562 | 12,0 |
| Лейлек району | 31861 | 41,2 | 1145 | 24,4 |
| Кадамжай району | 14811 | 19,0 | 1322 | 28,2 |
| Баткен шаары | 6461 | 8,3 | 687 | 14,6 |
| Кызыл-Кыя шаары | 10519 | 13,6 | 656 | 14,0 |
| Сүлүктү шаары | 2757 | 3,6 | 319 | 6,8 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2021-жылдын 1-апрелине карата 4691 субьектини түзүп, 2020-жылга салыштырмалуу 3,4 пайызга өстү.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 14,8 пайызы мамлекеттик, 8,1 пайызы муниципиалдык, 77,1 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2021-жылдын 1-апрелине карата жеке ишкерлердин саны 40678, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 31968 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,8 жана 1,5 пайызга өстү.

***Өнөр жайы.*** Облус боюнча 2021-жылдын январь-март айында 841807,8 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 104,9 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 261401,0 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 31,1 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 277198,7 миң сомду же 32,9 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 265899,1 миң сомду же 31,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 37309,0 миң сомду же 4,4 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-март айында 277198,7 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 105,9 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 119961,5 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-март айына салыштырмалуу 106,2 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Сүлүктү шаары 13087,5 тоннага, Лейлек району 59,0 тоннага көп, ал эми өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу Кадамжай району 5779,2 тоннага, Баткен району 349,6 тоннага көмүрдү аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 261401,0 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 109,0 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 155584,9 миң сомду (көлөмдүн 59,5 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 9257,6 миң сомду (көлөмдүн 3,5 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 6636,4 миң сомду (көлөмдүн 2,5 пайызын), химия өндүрүшү 9162,5 миң сомду (көлөмдүн 3,6 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 45056,5 миң сомду (көлөмдүн 17,3 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 8951,0 миң сомду (3,4 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 26752,1 миң сомду (10,2 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-март айында өткөн жылдын январь-март айына салыштырмалуу 101,3 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 28,2 пайызга, жаңы бышкан нан 2,8 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 0,4 пайызга, балмуздак 13,0 пайызга, сымап өндүрүү 34,0 пайызга, аялдардын тигилүү кийими 2,4 эсеге тазартылган күрүч 2,9 пайызга, өсүмдүк майлары 3,1 пайызга, кондитердик азыктар 1,4 пайызга, таш көмүр казуу 6,2 пайызга өскөн. Ал эми иштетилбеген мунайзат 6,7 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 26,5 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 12,6 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 0,5 пайызга, иштетилген сүт азыктары 11,3 пайызга төмөндөгөн.

*2021-жылдын январь-март айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 9257,6 миң сомду түзүп, мурунку жылдын январь-март айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 111,7 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 9162,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 134,0 пайызга барабар болду.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-март айында 8951,0 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-март айына салыштырганда 76,6 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-март* айында 265899,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 92,5 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 37309,0 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 115,4 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен



***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2021-жылдын январь-март айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 1972,8 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,4 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 6392,1 тонна эт, 15050,5 тонна сүт, 2153,5 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,4 пайызга, сүт өндүрүү 0,3 пайызга, жумуртка өндүрүү 1,5 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 0,2, Кадамжай районунда 0,6, Лейлек районунда 0,4, Баткен шаарында 0,3, Кызыл-Кыя шаарында 0,3 пайызга өсүү болгон. Ал эми Сүлүктү шаарында 0,7 пайызга төмөндөгөн. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,3, Лейлек районунда 0,6, Кызыл-Кыя шаарында 0,1 пайызга жогорулаган. Ал эми Кадамжай районунда жана Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүлүктү шаарында 1,7 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 1,0, Кадамжай району 3,1, Лейлек району 0,8, Баткен шаары 1,0, Сүлүктү шаары 1,2 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган.

Облус боюнча 2021-жылдын 1-апрелине карата 2,4 тонна лимон мөмөсү жыйналып алынды. Бардык жыйналган лимон түшүмү Кадамжай районунда өндүрүлгөн.

***Капиталдык салым.*** 2021-жылдын январь-март айларында 610608,7 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2020-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 3,1 эсеге өскөн. Капиталдык салымдар Баткен районунда 24,5 пайызга, Кадамжай районунда 3,8 эсеге, Лейлек районунда 2,6 эсеге, Кызыл-Кыя шаарында 3,9 эсеге, Баткен шаарында 9,3 эсеге өсүү болду. Ал эми Сүлүктү шаарында 7,0 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын, калктын каражаттары жана чет өлкөлүк кредиттер түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 57,4 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Транспорт жана байланыш.*** 2021-жылдын январь-март айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 325,3 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 100,4 пайызды түздү.

2021-жылдын январь-март айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 2764,9 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 60722,0 миң жүргүнчү-км түздү (2020-жылдын январь-март айына салыштырмалуу 103,7 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2021-жылдын январь-март айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2021-жылдын январь-март айында 3764995,8 миң сомду түзүп, 2020-жылдын январь-март айына салыштырмалуу 1,3 пайызга өскөн, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 3707978,4 миң сом болуп 1,2 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 2921537,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,1 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 1672284,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 8,5 пайызга төмөндөгөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 57,2 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-март айында 3153290,6 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,1 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айында 8100,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 53,0 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айында 1174868,7 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 17,6 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (80,0 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-март айында 2521442,1 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 3,1 пайызга төмөндөгөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 611705,2 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 5,5 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2021-жылдын 1-апрелине карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13660 адамды түздү, анын ичинен 10423 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 314 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2021-жылдын 1-апрелине карата 457 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 29 адам туура келди.

Облус боюнча 2021-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 13042,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 3,5 пайызга өскөн. 2021-жылдын январь-февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 12992,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тиөиштүү мезгилине салыштырганда 4,1 пайызга өскөн.

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу кайра иштетүү өнөр жай, соода автомобилдерди, турсуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, финансылык ортомчулук жана камсыздоо, кыймылсыз мүлк операциялары, илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2021-жылдын февраль айында 153,9 долларды түздү.

2021-жылдын 1-апрелине эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 42618,9 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 91,2 пайызын Кадамжай району, 8,8 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 117,8 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 122,9 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 111,5 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2021- жылдын март айында өткөн жылдын март айына салыштырмалуу 101,5 пайызды түздү. Ал эми 2021-жылдын январь-март айлары өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 108,6 пайызды түздү.

***<u>Баалардын жана тарифтердин индекси.</u>*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын март айын өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 108,8 пайызды түздү, ал эми март айын 2020-жылдын декабрь айына салыштырганда 103,3 пайызды түздү.

Ушул жылдын март айында өткөн айга салыштырмалуу уйдун эти 7,5 пайызга, койдун эти 5,3 пайызга, күн карама майы 1,1 пайызга кымбатаган. Ал эми, сүт 10,7 пайызга, жумуртка 3,7 пайызга төмөндөгөн. Жогорку сорттогу ун, 1-сорт ун, нан, макарон азыктары өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 99,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 107,6 | 106,3 | 102,2 |
| февраль | 98,8 | 99,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 115,8 | 98,5 | 104,4 |
| март | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 107,5 | 105,3 | 86,3 | 96,3 | 101,1 |

Жашылча-жемиштердин баалары өткөн айга салыштырмалуу пияз 11,8 пайызга, картошка 8,2 пайызга, кургатылган өрүк 13,2 пайызга, грек жаңгагы 3,1 пайызга кымбаттаган. Ал эми алма 4,4 пайызга, сабиз 2,7 пайызга төмөндөгөн.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 102,8 | 113,8 | 118,2 | 96,2 | 100,0 | 103,3 |
| февраль | 94,6 | 98,7 | 97,3 | 105,6 | 100,0 | 100,0 |
| март | 111,8 | 108,2 | 97,3 | 95,6 | 113,2 | 103,1 |

Үстүбүздөгү жылдын март айында өткөн февраль айына салыштырмалуу күйүүчү майлоочу материалдар 16,0 пайызга, бензин 16,5 пайызга, фармацевтикалык продукциялар 0,7 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техникасы 1,1 пайызга, бут кийим 0,1 пайызга кымбатаган. Ал эми турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 2,5 пайызга, катуу отун 5,4 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,1 пайызга, кийимдер 1,4 пайызга төмөндөгөн. Кийим тигүү үчүн материалдар, суу менен камсыз кылуу, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2021ж. март 2020ж. мартына карата | 2021ж. январь-март айлары 2020ж. январь-мартына карата | 2021ж. март айы 2021ж. февралына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 106,4 | 106,5 | 98,6 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 102,1 | 102,3 | 100,0 |
| Бут кийим | 105,4 | 108,9 | 100,1 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 114,4 | 113,5 | 97,5 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 110,1 | 104,5 | 94,6 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 111,1 | 99,2 | 116,0 |
| Бензин | 112,9 | 100,4 | 116,5 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 108,5 | 108,2 | 101,1 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 98,4 | 99,3 | 100,7 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 105,6 | 104,9 | 99,9 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын март айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 3,6 пайызга кымбаттаган. Ал эми калган бардык тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2021ж. март 2020ж. мартына карата | 2021ж январь-марты 2020ж январь-мартына карата | 2021ж. март айы 2021ж. февралына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 106,0 | 102,8 | 103,6 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,3 | 100,3 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 102,1 | 102,2 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 90,2 | 90,2 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




***Мамлекеттик сектор***

***Финансы.*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2021-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 187,6 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 123,3 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 230,7 млн. сомду түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 14,1 пайызга, ал эми чыгашалар 11,1 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2021-жылдын январь-февраль айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2021-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 108,0 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 15,0 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 2,8 пайызга, бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 41,0 пайызга, киреше жана пайда салыгы 33,7 пайызга, жана жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 43,9 пайызга жана кыймылсыз мүлк салыгы 6,5 пайызга өскөн. Ал эми жер салыгы 19,3 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 12,8 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 73,9 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2020-жылдын январь-февраль айларында жалпы кирешенин 13,2 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2021-жылдын январь-февраль айларында 12,8 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 64,3 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 29,7 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 46,1 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2021-жылдын январь-февраль айларында 84,6 млн. сомду түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 61,3 пайызга көбөйгөн. Чыгашалардын 39,1 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 49,3 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 18,7 пайызы билим берүү тармагына (15,9 млн. сом) жумшалган.

## Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2021-жылдын январь-март айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 12679,0 чарчы метр болгон 115 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-март айларынын денгээлине салыштырмалуу 127,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 252675,3,0 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2021-жылдын январь-февраль айларында Баткен облусу боюнча 1964 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 331 балага азайган), же калктын 1000 не 22,2 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 402 адам өлгөн (2020-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 45 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,5 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 1562 адамды, же 1000 кишиге 17,7 түздү.

2021-жылдын январь-февраль айларында 28 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 14,3 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 8 балага азайган.



***Калктын ооруулары***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2021-жылдын январь- март айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Ал эми бактериялуу дизентерия менен 2, бактериалуу минингит менен 1 оорулуу катталды. Ичегинин өткүр инфекциясы менен 488 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,1 эсеге өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 124 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 59,2 пайызга, ал эми анын ичинен гепатиттин В түрү менен 4 оорулуу, эпидемиялык паротит менен 3 оорулуу катталып, өткөн жылдын денгээлинде болду.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 10 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 37,5, жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 196 учур катталып 15,5, эхинококкоз оорусу менен 7 оорулуу катталып 36,4 пайызга азайган, Ал эми аскаридоз 304 учур катталып, өткөн жылдын деңгээлинен 4,5 пайызга жогору болду.

*Паразитардык оорулардан* сифилис, гонорея, ВИЧ инфекциясы катталган эмес. Котур ооруусу 23 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,8 пайызга азайган. Ал эми педикулез 9 учур катталып, 12,5 пайызга өскөн.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 3365 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 53,2, кургак учук менен ооруган 64 адам катталып 24,7 пайызга азайган. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу обулстун Баткен, Кызыл-Кыя шаарларынан башка район, шаарларында төмөндөгөн.

***Укук бузуулар.*** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2021-жылдын январь-февраль айында облус боюнча 289 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 51 кылмышка көбөйгөн. Анын ичинен; зөөкүрлүк боюнча 21, адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо боюнча 2, уурулук боюнча 45, алдамчылык боюнча 35, талоончулук боюнча 5, каракчылык боюнча 4, бангизаттарга байланыштуу 8, кызматтык кылмыштар 37, экономика тармагында 13 кылмыш, 6 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2021-жылдын январь-февраль айында 140 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 10 адамга аз.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-15, эч жерде иштебеген жана окубагандар-83, мектеп окуучулары-5, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары-2, жумушчулар-3, жеке ишкерлер-2ни түзөт.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү…………………………………………… | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү…………………………………………………… | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү…………………………. ………………………………. | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………………....... | 19 |
| 7 | Аймактар боюнча өндүрүлгөн лимон мөмөсүнүн түшүмүн жыйноонун жүрүшү жөнүндө........................ | 20 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 21 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………………………….. | 21 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы.......................................................... | 23 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................... | 23 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча…………………………………………………… | 23 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.............................................................................. | 24 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү……………………………………………………. | 25 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 25 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………….. | 26 |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............……….......... | 26 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……………………………………………………… | 27 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү……………………………………………. | 27 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо............... | 28 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 28 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча).............................................................................................................. | 29 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 29 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 30 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 30 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 30 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 31 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары февраль........... | 32 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-февраль | |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………………….. | 32 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны……………………………………………………………… | 33 |
| 32 | Жаңы жумуш орундарын түзүү………………………………………………………………………………. | |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 34 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 36 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| | Социалдык сектор | |
| 37 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү…………………………………………………………….. | 37 |
| 38 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы………………………………………… | 37 |
| 39 | Жаш балдардын өлүмү………………………………………………………………………………………… | 37 |
| 40 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы….…. …..……………………………………………. | 38 |
| 41 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……………………………………………………………… | 38 |
| 42 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………...………………………………………………… | 38 |
| 43 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………………… | 38 |
| 44 | Катталган кылмыштар саны………………………………………………………………………………….. | 39 |
| 45 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар…………………………………………………………. | 39 |
| 46 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………. | 40 |

## *Реалдык сектор*

### *Өнөр жайы*

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-март

( миң сом)

| | 2020 | 2021 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***719486,3*** | ***841807,8*** | ***104,9*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***200541,6*** | ***277198,7*** | ***105,9*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 182269,8 | 204792,9 | 106,2 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 16590,3 | 71149,2 | 94,3 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 1681,5 | 1256,6 | 3,0 эсе |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***240452,7*** | ***261401,0*** | ***109,0*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 126978,9 | 155584,9 | 101,3 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 126978,9 | 154801,5 | 101,9 |
| -тамеки өндүрүү | - | 783,4 | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 9535,8 | 9257,6 | 111,7 |
| -текстил өндүрүшү | 932,0 | 1447,6 | 100,9 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 8496,7 | 7698,7 | 114,8 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 107,1 | 111,3 | 100,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 6434,9 | 6636,4 | 105,2 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 6240,9 | 6413,9 | 105,2 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 194,0 | 222,5 | 113,7 |
| 4. Химия өндүрүшү | 28377,5 | 9162,5 | 134,0 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 36886,6 | 45056,5 | 179,5 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 11302,0 | 8951,0 | 76,6 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | - | - | |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 20937,0 | 26752,1 | 112,6 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***251629,6*** | ***265899,1*** | ***92,5*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***26862,4*** | ***37309,0*** | ***115,4*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
январь -март (миң сом)

| | 2020 | 2021 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***719486,3*** | ***841807,8*** | ***101,8*** | ***104,9*** |
| Электр энергиясыз райондор: | 467856,7 | 575908,7 | 101,5 | 108,6 |
| Баткен | 16883,3 | 35380,4 | 108,2 | 101,8 |
| Кадамжай | 181968,0 | 153020,8 | 87,3 | 90,9 |
| Лейлек | 46354,3 | 105246,9 | 102,1 | 97,9 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 267346,7 | 284215,9 | 103,6 | 94,2 |
| Электр энергиясыз | 15717,1 | 18316,8 | 107,0 | 106,5 |
| Кызыл-Кыя | 72418,7 | 89395,9 | 102,6 | 116,2 |
| Сүлүктү | 134515,3 | 174547,9 | 126,7 | 119,7 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2020 | 2021 | 2021ж. январь-март айы 2020ж. январь-март айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-март | | |
| Таш көмүр | тонна | 112943,8 | 119961,5 | 106,2 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Бут кийим | жуп | 282,0 | 282,0 | 100,0 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 202,1 | 202,0 | 100,0 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 1835,5 | 1826,9 | 99,5 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 26,1 | 26,9 | 103,1 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 2066,5 | 2125,1 | 102,8 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 16646,6 | 21342,7 | 128,2 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | - | - | 134,0 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 1060,4 | 1065,1 | 100,4 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 272,0 | 280,0 | 102,9 |
| Кондитер азыктары | тонна | 126,9 | 128,7 | 101,4 |
| Килемдер | даана | 47,0 | 47,0 | 100,0 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | 14,1 | 12,5 | 88,7 |
| Балмуздак | тонна | 2,3 | 2,6 | 113,0 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 5225,0 | 3842,0 | 73,5 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 4854,0 | 11681,0 | 240,6 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 3,5 | 3,3 | 94,3 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 74666,5 | 65287,0 | 87,4 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2020-жылдын январь-март

| | 2020 | 2021 | 2021 % менен 2020 | 2020 | 2021 | 2021 % менен 2020 | 2019 | 2020 | 2021 % менен 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***112943,8*** | ***119961,5*** | ***106,2*** | **-** | **-** | **-** | **202,1** | **202,0** | **100,0** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 3274,6 | 2925,0 | 89,3 | - | - | - | 15,8 | 15,9 | 100,6 |
| Кадамжай | 45985,2 | 40206,0 | 87,4 | - | | | 67,4 | 83,1 | 123,3 |
| Лейлек | - | 59,0 | - | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 30,0 | 32,0 | 106,7 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 88,9 | 71,0 | 79,9 |
| Сүлүктү | 63684,0 | 76771,5 | 120,6 | - | - | - | - | - | - |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***2066,5*** | ***2125,1*** | ***102,8*** | ***1835,5*** | ***1826,9*** | ***99,5*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 52,5 | 53,0 | 101,0 | 1369,2 | 1370,2 | 100,1 |
| Кадамжай | 854,4 | 914,4 | 107,0 | 125,5 | 126,7 | 101,0 |
| Лейлек | 177,8 | 177,7 | 99,9 | 340,8 | 330,0 | 96,8 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 124,0 | 128,0 | 103,2 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 707,8 | 702,0 | 99,2 | - | - | - |
| Сүлүктү | 150,0 | 150,0 | 100,0 | - | - | - |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
